УДК: 81=512.154(07)

Курманалиева Ч.А., Асанканова М.

*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

*магистрант, К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

# ГРАММАТИКАНЫ ОКУТУУДАГЫ СӨЗ ӨСТҮРҮҮ ЖУМУШТАРЫ

*Аталган макалада башталгыч класстын окуучуларынын сөзүн өстүрүүдө кеп иш-аракетинин түрлөрү болгон угуу, сүйлөө, окуу, жазуунун ар бирин бөлүп окутпастан, бириктирип окутуу керектиги тууралуу сөз болгон.*

***Негизги сөздөр:*** *тилдик каражаттар, сөз өстүрүү, угуу, сүйлөө, окуу, жазуу, маалымдоо, текст, кеп.*

*В данной статье рассматриваются вопросы развития речи учащихся начальных классов. При развитии речи учащихся виды речевой деятельности как, аудирование, говорение, чтение и письмо обучаются как единое целое.*

***Ключевые слова:*** *языковые средства, развитие речи, аудирование, говорение, чтение, письмо, информация, текст, речь.*

*The article deals with the development of speech of primary school students. In developing students speech, activities like listening, speaking, reading and writing are taught as one unit.*

***Key words:*** *language items, improving speaking, listening, speaking, reading, writing, information, text, speech.*

Сөз өстүрүү деген– тилдин иш-аракетке келүүсү, тилдик каражаттарды кепте активдүү пайдалана алуу. Сөз өстүрүү жумушунун негизги милдети – тилдин теориялык негиздерин оозеки жана жазуу кебинде эркин колдоно билүүгө, ой менен сөздүн биримдигине жетишүүгө, сөздү адабий тилдин нормасында туура айтууга, жазууга үйрөтүү болуп саналат.

Сөз өстүрүү жумуштары мектепте төрт багытта жүргүзүлөт:

- Окуучулардын сөз байлыгын өстүрүү.
- Адабий тилдин нормаларын өздөштүрүү.
- Кептин грамматикалык түзүлүшүн өркүндөтүү.
- Окуучуну эркин сүйлөөгө жана сабаттуу жазууга үйрөтүү.

Окуучулардын сөз байлыгын өстүрүү кыргыз тили, адабий окуу сабактарында жүргүзүлөт. Кыргыз тилинде сөз, анын составы, табияты, колдонулуш тармактары ж.б. аспектилери каралат.

Окуучулардын сөз байлыгын өстүрүү боюнча иш-чаралар төмөндөгүдөй тартипте жүргүзүлгөнү максатка ылайык:

- ➢ биринчиден, окуучуларга тааныш эмес жаңы сөздөрдү үйрөтүү, аларды сөздүккө жаздыруу;
- ➢ экинчиден, сөздөрдүн лексикалык маанисин талдоо, синонимдерин салыштыруу, антонимдерин аныктоо ж.б.;
- ➢ үчүнчүдөн, үйрөнгөн сөздөрдү оозеки кебинде жана жазуу иштеринде (дил баян, баяндама), ыгы менен активдүү колдоно билүү;

Бул иш-чаралар бири-бири менен байланышта ишке ашат.

Адабий тилдин нормаларын өздөштүрүү. Ал кыргыз тилинин лексикалык, фонетикалык, грамматикалык– сөз жасоочулук нормаларын үйрөнүү менен тыгыз байланыштуу. Орфографиялык эрежелерди үйрөтүү боюнча жумуштар окуучулардын жазуу кебиндеги катачылыктарды жоюуга жардам берет. Сүйлөөдө дикциянын угумдуулугу, көрктүүлүгү, сүйлөө темпи, басымды туура колдонуу кепке ар кандай түс берип турат. Буга жетишүү үчүн сабакта көркөм окууну жолго коюу керек.

Кыргыз тилиндеги орфоэпиялык, орфографиялык, грамматикалык нормаларды

өздөштүрүү – оозеки жана жазуу кебинин маданияттуулугун, сабаттуулугун камсыз кылат.

Кептин грамматикалык түзүлүшүн өркүндөтүү. Бул багыттагы сөз өстүрүү иштери тилдин синтаксис бөлүмү менен тыгыз байланышта өтүлөт. Сөздөн, сөз айкашынан сүйлөм түзө билүү, сүйлөмдүн байланышуу жолдорун өздөштүрүү, өз оюн, ички сезимин билдирүүдө сөз тандай билүү ж.б. жумуштар ишке ашат.

Кептин образдуулугуна жетишүү сөздөрдүн, айрым түшүнүктөрдүн синонимдерин талдай билүү, алардын сүйлөм ичиндеги ордун түшүндүрүү, аны кепте активдүү колдонуу үчүн көнүгүү иштерин жүргүзүү максатка ылайык. Сүйлөө, жазуу кебинде колдонулган тилдик каражаттар кептин максатына жараша тандаларын эске тутуу зарыл. Мисалы, оозеки сүйлөөдө экспрессивдүү эмоцияны билдирген сөздөрдүн колдонулуп айтылышы кептин таасирдүүлүгүн күчөтүп, көркөмдүүлүгүн байытат. Бул болсо окуучулардын ички сезимин туюнтууда, эмоциясын чагылдырууда чоң мааниге ээ.

Сөз өстүрүү бөлүмүнүн кийинки багыты – ойду байланыштуу сүйлөөгө, сабаттуу жазууга үйрөтүү болуп саналат. Байланыштуу кептин негизги максаты − кепти байланыштырып айтуу. Айтылуучу ойду сөз менен байланыштуу кылып берүү кимден болбосун белгилүү билимди, чыгармачылык активдүүлүктү талап кылат. Ошентип, ойду ырааттуу, кандайдыр бир стилде, формада берүү зарылдыгы пайда болот. Ушул максатта окуучуларга кептик түшүнүктөр тууралуу маалымат берилет, тактап айтканда, кеп, анын түрлөрү, текст, тексттин композициялык формасы, тиби аныкталат. Аны практикада активдүү колдонуу үчүн ар түрдүү көнүгүү иштери аткарылат. Даяр тексттер менен иштөө, текстти кайра түзүү, баяндаманын түрлөрү боюнча иш алып баруу, оозеки жана жазуу түрүндөгү дил баяндарды аткаруу байланыштуу кепке бөлүнгөн сааттарда аткарылат. Мындай иш-чаралардын түпкү максаты болуп окуучулардын оюн эркин баяндоого, текст түзө билүүгө үйрөтүү саналат. Ал сөз өстүрүүнүн башка бөлүмдөрү менен байланышта жүргүзүлгөндө гана өз максатына жетет. Системалуу жүргүзүлгөн сөз өстүрүү иштеринин комплекси ар бир окуучунун чыгармачылык изденүүсүн ойготууга көмөк көрсөтүп, ой жүгүртүүсүн активдештирет, өз алдынчалыгын өнүктүрөт.

Окуучулардын байланыштуу кебин өстүрүү жумуштары алардын ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү менен тыгыз байланышып, өз оюн эркин, байланыштуу, сабаттуу, маданияттуу айтууга жана жазууга үйрөтөт.

Окуучулардын сүйлөө кебин өнүктүрүү байланыштуу кеп аркылуу ишке ашып, методикада үч мааниде колдонулат:

1. сүйлөө жана жазуу; 2. сүйлөө же жазуу иш аракетинин жыйынтыгы, б.а., текст; 3. Байлыштуу кеп.

1. Сүйлөө же жазуу учурунда окуучунун сабакта жооп берүүсү; сүйлөшүүсү, уккан, көргөнү, окугандары жөнүндө оозеки жана жазуу түрүндө баяндоо процесси кирет. Ал окуучунун чыгармачылык ишкердүүлүгүн чагылдырат.

2. Сүйлөө же жазуу аракетинин жыйынтыгы, оозеки түрүндө маалымдоо, жазуу жүзүндө текст болот. Бул окуучунун чыгармачылык ишкердүүлүгүнүн жыйынтыгы болуп эсептелет.

Маалымдоо – биринчиден, окуучунун кептик иш аракетинин кыймылга келүү процесси, экинчиден, ошол иш-аракеттин оозеки жыйынтыгын билдирет.

Текст – кептик иш-аракеттин жазуу түрүндөгү жыйынтыгы. Ага жазуу жүзүндөгү баяндаманын тексти, дил баян, макала, оозеки баяндоонун кагазга түшүрүлгөн тексти.

3. Байланыштуу кеп – сүйлөө же жазуу процесинин жыйынтыгы. Ал кандайдыр бир стилде жазылат, ага тиешелүү тилдик каражаттар колдонулат. Адабий тилдин нормасы сакталат, тилдин грамматикалык, лексикалык, орфографиялык, орфоэпиялык нормаларына ылайык түзүлөт. Окуучунун ойлоосун өстүрүү – байланыштуу кепти өркүндөтүүнүн негизги принциптеринин бири.

4-класста байланыштуу кептин материалдары «Тил жана речь» деген тема менен

башталат. Бул сабактын негизги максаты – тил менен кептин карым-катышын, өзгөчөлүгүн түшүндүрүү.

Кеп - бул жандуу тил. Ал сүйлөшүү, пикир алышуу (диалог), жазуу процессин чагылдырат. «Тил жана кеп» деген түшүнүктөрдүн өзгөчөлүгү биринчи жолу швейцариялык лингвист Фердинанд де Соссюр (1857-1913) тарабынан илимий түрдө аныкталган. Бул түшүнүктөрдүн андан ары терең изилденишине окумуштуу, академик Л.В.Щерба (1880-1944) чоң салым кошкон.

«Кеп» деген түшүнүк–лингвистикада, педагогикада, методикада кездешүүчү предмет аралык түшүнүк. Педагогикада кеп, бир жагынан, мугалимдин сөз өстүрүүдөгү аракетин, экинчи жагынан, окуучулардын кеп иш-аракетин чагылдырат.

Кеп иш-аракетине угуу, окуу, сүйлөө, жазуу процесстери кирет. Угуу процесси айтылып жаткан ойдун негизги маанисин түшүнүүнү, аны эсте сактап калууну талап кылат. Ошондуктан көңүл коюп уга билүү, айрым суроолорду коё билүү сыяктуу билгичтиктерге окуучуларды көндүрүү керек. Окуу процессинде тексттин мазмунун түшүнүү, андагы айтылган негизги ойду аныктоо талапка ылайык. Бул үчүн текстти көрктүү окуу, түшүнгөнүн кайра айтып берүү иштер жүргүзүлөт. Сүйлөө процессинде айта турган ойду так, ачык, көрктүү баяндоо керек. Ага диалог, монолог (оозеки түрү) кирет. Сүйлөө процесси сүйлөшүү шартына, темага, кырдаалга жараша ишке ашат. Ал окуучулардын тил каражаттарын ыктуу пайдалануусуну, ойду так, кыска айтууну талап кылат. Маалымдоого мимика, жест, кыймыл-аракет катышат. Жазуу процесси окуп түшүнгөнүн, же кандайдыр бир кубулушка болгон оюн кагазга түшүрүү учурун чагылдырат. Окуучу айтылуучу негизги ойду аныктайт, тема коет, теманын чегин ажыратат, ошого жараша тийиштүү материал топтойт. Ойду ырааттуу баяндоо үчүн план түзөт. Тексттин темасына, максатына карай тийиштүү тилдик каражаттар пайдаланылат. Текст сабаттуу, байланыштуу, таза болууга тийиш.

Сүйлөө, жазуу процессинин жыйындысы оозеки түрүндө маалымдоо, жазуу жүзүндө текст болот. Булар кептин жыйынтыгы болуп эсептелет.

Кеп формасы боюнча ички, тышкы кеп болуп экиге бөлүнөт.

Ички кепте адамдын ою сыртка чыкпайт, ал адамдын ичинен ойлонуу, өзү менен өзү сүйлөшүү учурун камтыйт.

Тышкы кеп угуучуларга арналып, сүйлөө, жазуу процессин камтыйт. Тышкы кеп эки формада ишке ашат, оозеки жана жазуу.

Оозеки жана жазуу кебин өстүрүү бири-бири менен байланышта жүргүзүлөт. Оозеки кепти өстүрбөй туруп, жазуу кебинин сабаттуулугуна, маданияттуулугуна жетишүү кыйын. Бул тууралуу белгилүү методист Т.А.Ладыженская мындай дейт: «Өз оюн сүйлөмдөр аркылуу текстте бере албаган окуучу, биринчи иретте, оозеки кепте байланыштыра сүйлөй албайт».

Тышкы кеп экиге бөлүнөт: диалогдук жана монологдук кеп.

Диалогдук кеп (тышкы кеп).

Монологдук кеп.

Диалогдук кеп эки же бир нече адамдын ортосундагы сүйлөшүү учурун чагылдырат. Диалогго атайын даярдык көрүлбөйт. Ал кырдаалга жараша кыска, так сөздөр менен ишке ашат. Диалог окуу процессинде өтүлгөн материал боюнча суроо-жооп, аңгемелешүү, талдоо ж.б. процессинде кеңири кездешет. Мугалим менен окуучунун, окуучулардын бири-бири менен болгон сүйлөшүүсүн, пикир алышуу учурун чагылдырат.

Монологдук кеп бир киши тарабынан ишке ашат. Монолог окуучудан атайын даярдыкты талап кылат. Монологдук кеп айтылуучу ойго, аткарылуучу кырдаалга, угуучулардын кызыкчылыктарына жараша даярдалат. Ага билдирүү, баяндоо, текстти кайра айтып берүү кирет. Алар көбүнчө баяндоо формасында болот. Монолог оозеки, жазуу кебинде да кездешет. «Монологдук кеп… түбүндө адабий чыгарма. Ошондуктан ага үйрөтүү керек», - деп белгилеген академик Л.В.Щерба.

Башталгыч класстын окуучуларын монологдук кептин эң жөнөкөй түрүнө-окуганын, көргөнүн айтып берүүгө жана жазууга үйрөтүү максатка ылайык.

Текст методикада жазуу процессинин жыйынтыгы катары мүнөздөлөт. Ага дил баян, баяндаманын тексттери, сүйлөй турган монологдук кептин кагазга түшүрүлгөн тексти да кирет. Окуучуларга талаптагыдай дил баян, баяндама жаздыруу үчүн аларга текст түзүүнүн ыкмаларын үйрөтүү зарыл.

«Тексттин мүнөздүү белгилеринин бири - анын аты», - дейт И.Р.Гальперин. Тексттин аты темага, ошондой эле анда айтылуучу негизги ойго жараша коюлат.

Жыйынтыктап айтканда, башталгыч класстын окуучуларынын сөз байлыгын өстүрүү татаал методикалык маселелерден болуп саналат. Башталгыч класстын окуучуларынын сөз байлыгын өстүрүүдө сөздүк жат жазууларын пайдаланып, дидактикалык материалдарды кеңири колдонуу керек.

**Адабияттар:**

1. Гальперин И.Р. Грамматические категории текста. -М.: 1977. 524-бет.
2. Давлетов С. Байланыштуу речь. Мугалимдер щчщн методикалык колдонмо. –Б.: 1999.
3. Маразыков Т.С. Кыргыз тилинде текстти интерграциялоочу лингвистикалык каражаттар.- Б.: Бийиктик, 2005.- 166 б.
4. Маразыков Т.С. Текст таануу жана анын айрым маселери. – Б.: Бийиктик, 2005.- 144 б.
5. Маразыков Т.С. Экстралингвистикалык факторлордун тексттеги интерграциясы. – Б.: Бийиктик, 2005.- 167 б.
6. Методика развития речи на уроках русского языка /Под ред. Ладыженской Т.А. - М., 1980.